**МЭЖга саны №02-002-2021-015125 менен катталган материал боюнча**
**МААЛЫМАТ**

09.07.2021-жылы Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун Калыс-Ордо жаны конушунда №2 кварталдык комитетинин төрагасы Нурбай аттуу киши жана №1 кварталдык комитетинин төрагасы Жыргал аттуу кишилер муниципалдык кызматкер болгондугуна карабастан, кызматтык абалын кыянаттык менен пайдаланып, Бишкек шаардык кенешке шайлоого катышып жаткан “Ишеним” саясий партиясынын кызыкчылыктарын колдоп, Калыс-Ордо жаны конушундагы элдерди “Ишеним” саясий партиясына шайлоосуна үгүттөө иштерин жүргүзүп, элдерди чогултуп жана агитацуиялык материалдарды таратып жаткандыгы тууралуу [redacted] аттуу жараандан Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирүү келип түшкөн.

Келип түшкөн чакырууну текшерүү үчүн Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБге №02-002-2021-015125 саны менен МЭЖке түшкөн.

Маалыматты текшерүү үчүн Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин ЖИБнүн ыйгарым укуктуу кызматкери милициянын кенже лейтенанты [redacted] тапшырылган.

Азыркы маалда болгон окуянын чоо жайын текшерүү ирээтинде Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин документтештирүү тобу окуя болгон жерге жөнөтүлгөн.

**Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин ЖИБү**